Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында” (Инженердик билим берүү программасынын мисалында) деген темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата расмий оппонент Мамытов Абакирдин

**ПИКИРИ**

Диссертациялык иш С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчиси – Калдыбаев Салидин Кадыркулович, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык Ала-Тоо университетинин илимий иштер боюнча проректору.

Киришүү бөлүмүндө диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, алынган жыйынтыктардын жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү, коргоого коюлуучу жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы, жыйынтыктардын апробацияланышы, жарыяланышы, диссертациянын көлөмү жана түзүмү жөнүндө маалыматтар берилген.

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Билим берүүнүн мазмунун анын күтүлүүчү натыйжасын эсепке алуу менен калыптандыруу адистик жогорку билим берүүдө олуттуу роль ойнойт жана соңку мезгилдин олуттуу талаптарынын бири болуп саналат. Кыргызстандын жогорку адистик билим берүү системасындагы ишмердүүлүк, тилекке каршы, белгилүү бир денгээлде консервативдүү боюнча кала берүүдө жана дүйнөлүк атаандаштыкка карата тийиштүү даярдыкка ээ болбой келүүдө. Анткени,



Окум. катта: [signature]

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 106 «18» 11 2024 ж/г

адистик билим берүүнүн жогорку сапатына кепилдик берген гана жогорку окуу жай ийгиликтүү болоору аксиома катары кабыл алынаарын четке кагууга болбойт. Дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбада кайрылып билим берүү программасын эл аралык аккредитациялык индикаторлорго шайкеш келтирүү жана аны адекваттуу башкаруу инструменти иштелип чыкканын, бирок биздин практикада тийиштүү башкаруу ыкмасы жайылтыла электигин да белгилөө зарыл. Мындай башкаруунун илимий-теориялык маселелери тийиштүү изилдөөлөрдү жүргүзүүнү талап кылаарын да белгилейбиз. Стратегиялык өңүттөн алганда Кыргызстандын жаркын келечеги өндүрүштү жандандыруу жана жаңы муундагы инженерлерди даярдоо зарылдыгы менен коштолоору талашсыз. Ага байланыштуу жогорку окуу жайлардагы инженердик билим берүү программасынын потенциалын, атаандаштыкка карата туруктуулугун жогорулатуу адистик коомдун алдына коюлган соңку олуттуу милдеттердин бири болуп саналат.

Ушул өңүттөн караганда теманын актуалдуулугун белгилөө максатында диссертацияда келтирилген аргументтер, илимий изилдөөгө таянып чечүүнү талап кылган карама-каршылыктар, изилдөөнүн максатынын жана милдеттердин коюлушу жана аларды чечүү аракети, биздин оюбузча, диссертациянын темасынын актуалдуулугун жана теориялык-практикалык жактан маанилүүлүгүн бышыктайт.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында изденүүчүнүн өзү тарабынан алынган натыйжалар.**

Диссертацияда изденүүчү тарабынан алынган 3 илимий натыйжа белгиленген.

**1-натыйжа.** Инженердик билим берүү сапатын долборлоо, камсыз кылуу жана өнүктүрүү процесстерин окутуунун натыйжасынын негизинде жүргүзүү.

**2-натыйжа.** Инженердик билим берүүдөгү башкаруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

**3-натыйжа.** Инженердик билим берүүнү башкаруунун жаңы моделин иштеп чыгуу.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасын, тыянактарын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишмердүүлук даражасы.**

Жогоруда белгиленген илимий натыйжаларды, тыянактарды жана корутундуну анализдеп аларды ынанымдуу жана негиздүү деген бүтүмдү чыгардык жана аларды бышыктоо максатында төмөндөгү аргументтерди келтиребиз.

**Биринчи натыйжа** (адистик билим берүү сапатын долборлоо, камсыз кылуу жана өнүктүрүү процесстерин окутуунун натыйжасынын негизинде жүргүзүү) соңку мезгилде иштелип чыкккан илимий-теориялык жоболордун, адабий булактардын анализине негизделген. Көрүнүктүү окумуштуулардын илимий эмгектери изденүүчү тарабынан жетишээрлик деңгээлде талданган. Жыйынтык иретинде адистик билим берүүдөгү сапатты башкаруу процессинде орун алган тенденциялар, билим берүү мазмунун долборлоодогу алдыңкы тажрыйбалар жана сапатты камсыз кылууда колдонулуучу инструментарийлер кеңири мүнөздөлгөн. Аталган жагдайларды билим берүү процессине киргизүү Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын дүйнөлүк аймактагы атаандаштыкка карата туруктуулугун камсыз кылаары, биздин тажрыйбада орун алып келе жаткан консерватизмди жоюга салым кошоору жөнүндө ишенимдүү тыянак чыгарылган. Бул тыянактын теориялык өңүттө негиздүү жана инженердик билим берүү багытынын мисалында алгачкы ирет иштелип чыккандыгын да белгилейбиз. Анын баалуулугу стратегиялык көз караштан караганда жогору. Анткени, билим берүүнү эффективдүү башкаруу проблемасы билим берүүнү 2021-2040 жылдарга карата өнүктүрүү стратегиясында каралган 3 багыттын бири, ага байланыштуу, социалдык-коомдук жана илимий мааниси олуттуу экендиги менен бышыкталат.

**Экинчи натыйжа** инженердик билим берүүнү башкаруунун педагогикалык шарттары аныкталгана жана алар сапаттуу окуу материалдарын даярдоо, билим берүүнү санариптештирүү, мазмунду модернизациялоо, башкарууну автоматташтыруу, окутуучулардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу жана окутуунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүү иретинде сунушталган. Биздин оюбузча, изденүүчү сунуштаган педагогикалык шарттар жана алардын илимий-теориялык негизделиши жетишээрлик деген баага татыктуу.

**Үчүнчү натыйжа** инженердик билим берүүнү башкаруунун жаңы моделин иштеп чыгуу жана аны колдонууда 3 этаптын орун алышы мүнөздөлгөн. 1-чи этапта негизги түшүнүктөрдү калыптандырууга жана окутуунун натыйжасын баалоо инструментарийин даярдоого, 2-чи этапта алынган натыйжаларды ар тараптуу талкуулоого жана 3-чү этапта окуучунун кесиптик чеберчилигин арттырууга басым жасоо зарылдыгы негизделген. Тийиштүү сапатты калыптандыруу максатында окуу жайда башкаруу кеңешин түзүү, кафедралардын жана факульттердин талкуу ресурстарын колдонуу жана окутуу технологияларын жакшыртуу сунуштары иштелип чыккан. Изденүүчү сунуштаган педагогикалык шарттардын жана моделдин эффективдүүлүгү педагогикалык эксперименттин оң натыйжалары менен тастыкталган жана илимий аналитикалык ыкмалардын жардамы менен ынанымдуу мүнөздөлгөн.

Биздин оюбузча, диссертациянын өзөгүн аныктаган методологиялык ыкма, топтолгон маалымат жана алардын анализине негизделген илимий натыйжалар, тыянактар жана корутундулар негиздүү, ал эми изденүүчүнүн ишмердүүлүк даражасы жетиштүү деп баалоого татыктуу.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа – жаңы.** Анткени, кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын башкарууда окутуунун күтүлүүчү натыйжасын каражат катары колдонуу соңку мезгилдин муктаждыгына жана билим берүү сапатын башкаруу теориясынын негизги жоболоруна негизделген. Кыргызстанда орун алган кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу тажрыйбасынын калыптанышы, өнүгүшү, билим берүү программаларын жүзөгө ашыруу механизмдери, алардын учурдагы абалы жана келечеги алгачкы ирет кеңири мүнөздөлгөн.

**2-натыйжа – жаңы.** Анын өзөгүн кесиптик жогорку билим берүүдөгү сапатты камсыз кылуунун педагогикалык шарттары инженердик билим берүү программасынын мисалында алгачкы ирет иштелип чыккан.

**3-натыйжа – жаңы.** Кесиптик жогорку билим берүүнү окутуунун натыйжасына байланыштырып башкаруу модели кыргыз билим берүү тажрыйбасында алгачкы ирет иштелип чыккан жана анын 3 этаптан турган мазмуну, уюштуруучулук-структуралык негиздери аныкталган.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

1. Кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча жазылган илимий эмгектердин анализи жогорку окуу жайдагы окуу процессин башкаруу маселелерин камтыган лекцияларда жана методикалык кенештердин ишмердүүлүгүн уюштурууда колдонууга татыктуу. Окуу процессин долбоорлоодо, негизги адистик окуу программаларын иштеп чыгууда, окутуунун күтүлүүчү натыйжасын баалоо инструментарийлерин иштеп чыгууда кеңири колдонууга сунуштаса болот.

2. Инженердик кесиптик билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында сунушталып жаткан педагогикалык шарттар кенири жайылтууга татыктуу, ошону менен бирге, башка багыттагы жогорку кесиптик билим берүүдөгү сапат маселесин камсыз кылуу жаатында методологиялык багыт катары сунуштоого татыктуу.

3. Окутуунун натыйжасы аркылуу кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу модели жогорку окуу жайлардагы окуу процессине жайылтууга сунушталат.

**6. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.** Изилдөөнүн багыты боюнча изденүүчү тарабынан 10 илимий макала жарыяланган жана аларда изилдөөнүн бардык компоненттерине таандык натыйжалар камтылган. РИНЦтин талаптарына жооп берген 6 макала УАК сунуштаган мезгилдик илимий басылмаларда, ал эми 1 макала – чет өлкөлүк илимий басылмаларда жарыяланган.

**7. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Авторефераттын мазмуну диссертациялык иштин мазмунуна дал келет жана анын негизги компоненттерин толук чагылдырып, изилдөөнүн өзөктүү жактарын, негизги жыйынтыктарын, илимий корутундуларын жана практикалык сунуштарын камтыйт. Авторефераттын резюмеси кыргыз, орус жана англис тилдеринде жазылган.

**8. Диссертациянын жана авторефераттын мазмунундагы айрым бир мүчүлүштүктөр катары төмөнкүлөрдү атап кетүүгө болот.**

1. Диссертациянын “киришүү”, авторефераттын “изилдөөнүн жалпы мүнөздөмөсү” бөлүмдөрүндө берилген маалыматтар тактоону талап кылат Мисалы, диссертацияда 12 макала (9 бет), авторефератта 10 макала (7 бет) жарыяланганы белгиленген, ал эми “эмгектердин тизмесинде (23-24 беттер) 10 макала көрсөтүлгөн. Диссертациянын темасынын актуалдуулугун мүнөздөдө мазмундук айырмага жол берилген, б.а. диссертациядагы 1-5 абзацтар авторефератта кыскартылып башка таризде мүнөздөлгөн. Резюмедеги изилдөөнүн объекти, предмети жана максаты диссертациядагы мазмунга дал келбейт. Мындай мүчүлүштүктөрдү оңдоп чыгуу зарыл деп эсептейм (инструкциянын 4.3 пунктун кара).

2. Блумдун таксономиясы эксперименттин жыйынтыктарын анализдөөдө бирдей логикада колдонулган эмес. Негизги айырма таксономиянын 5-чи жана

6-чы баскычтарында орун алган. Мисалы, изденүүчү 5-чи баскычты “баалоо”, 6-чысын – “түзүү” деп мүнөздөгөн (43 бет) жана эксперименттин натыйжаларын анализдөөдө кеңири колдонган (3.7-3.17 таблицалар, 3.3-3-4 сүрөттөр). Бирок, жетекчиликке алынган логика теориялык механика курсунун жыйынтыктарын чагылдырган гистограммада бузулган (3.6), б.а. 5-чи баскыч “синтез”, 6-чысы – “баалоо” деп аталып калган.

3. Корутундулардын саны жана мазмундары изилдөөнүн милдеттерине дал келбейт. Мисалы, изилдөөнүн милдеттери үчөө, ал эми корутундулардын саны алтоо (149-150 беттер). Корутунуларда эксперименттин жыйынтыгын мүнөздөгөн конкреттүү маалыматтар келтирилген эмес. Биздин оюбузча, корутундулардын санын азайтып, мазмунун кайрадан иштеп чыгуу зарылдыгы бар.

Бирок, жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөр изилдөөнүн теориялык жана практикалык бийик баалуулугун төмөндөтпөйт жана тийиштүү ондоп-түзөөлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн чектебейт, – деп эсептейбиз.

Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катары (инженердик билим берүү программасынын мисалында) деген аталыштагы кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары кароого жана билим берүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон маселелерди чечүүгө салым кошот деп баалоого татыктуу.

9. Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катары (инженердик билим берүү программасынын мисалында) деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык

келет. Ал эми изденүүчү Омуров Нурлан Кубатович 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Расмий оппонент:
Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери,
педагогика илимдеринин доктору, профессор Абакир Мамытов

14 ноябрь 2024 жыл

А. Мамытовдун койгон кол белгисин тастыктайм.

КББА КЖДК бөлүмүнүн башчысы
Н. Тологонбекова

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ